ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

# БУЙРУК

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (2022-жылдын 8-апрелиндеги №6 протокол) «2021-жылдагы ОшМУнун каржылык, чарбалык, курулуш иштеринин жыйынтыгы жана анын быйылкы жылдагы башкы багыттарын аныктоо. ОшМУда бизнес долбоорлордун уюштурулушу, аткарылышы» деп аталган №1 маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам**:

1. Ош мамлекеттик университетинин 2021-жылда жүргүзгөн каржылык, чарбалык, курулуш иштеринин жыйынтыгы канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Ош мамлекеттик университетинин базасында курулган имараттарды оңдоп-түзөө иштерин университеттин акча каражатына жараша бүтүрсүн.
3. Инвестицияларды жана гранттарды, университетке акча, материалдык каражат алып келе турган долбоорлорду тартуу иштерин күчөтсүн.
4. ОшМУнун ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №557 «Билим берүү кызматтарына акы төлөө системасын өркүндөтүү жана билим берүү уюмдарынын финансылык ишинин ачыктыгын камсыз кылуу боюнча айрым чаралар жөнүндө» Жарлыгына шайкеш келтирилсин.
5. Республикалык казынадан бөлүнгөн бюджеттик акча каражатынын аткарылбай калган бөлүгү боюнча пландоо-финансылык бөлүмү тарабынан тиешелүү структуралык бөлүмдөр менен иш-аракеттери күчөтүлсүн.
6. ОшМУда 2021-2022-окуу жылына карата акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын тарифтери Кыргыз Республикасынын жараны болгон студенттер үчүн жакынкы үч окуу жылында жогорулоо жагына өзгөртүлбөөсү боюнча маалыматты декан жана директорлор студенттерге жеткирсин.
7. Университетти тейлөөчү мамлекеттик банктар менен ар тараптуу кызматташуу иш-чаралары бардык структураларда күчөтүлсүн.
8. Каржылык, чарбалык ишмердүүлүктүн негизги багыты болуп университеттин бюджетин андан ары көбөйтүү, кирешелердин жаңы кошумча булактарын табуу деп эсептелсин, бул максатта структуралык бөлүмдөр тарабынан конкреттүү иш-чаралар жүргүзүлсүн (бизнес инкубаторлор, стартап долбоорлор ж.б.у.с. иш-чаралар).
9. Ош мамлекеттик университетинин 2021-жылдагы каржылык отчёту кабыл алынып, ОшМУнун Финансы комитетине макулдашууга жана Көзөмөлчүлүк кеңештин кароосуна сунушталсын.
10. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун инвестициялар жана стратегиялык өнүктүрүү боюнча проректору Ж.Ж. Турсунбаевге жүктөлсүн.

***Негиз:*** *Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун визасы*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** — документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021 — **К.Г. Кожобеков**

документ
ПОДПИСАН
электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021